КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ЫЛАЙ-ТАЛАА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 21-октябры № 16/4 Ылай-Талаа айылы

АБанк ААК Кара-Кулжа филиалынан лизинг жолу менен таштанды ташуучу атайын техникасын сатып алуу жөнүндө

Ылай-Талаа айыл аймагынын инфраструктурасын жакшыртуу максатында, Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн техникалык паркын жаңылоо үчүн жана автотехникалардын жетишсиздигине байланыштуу лизинг жолу менен таштанды ташуучу атайын техникасын сатып алуу зарыл болгондугу жөнүндө Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Ш.Рахманберди уулунун маалыматын угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтү аркылуу АБанк ААК Кара-Кулжа филиалынан таштанды ташуучу атайын техникасы, баасы **4 416 882 (төрт миллион төрт жүз он алты миң сегиз жүз сексен эки) сом**, 18% менен 5 жыл мөөнөт менен алынсын.

2. Өздүк салым Ош облустук Өнүктүрүү фондунан **1 325 065 сом**, камсыздандыруу жана башка чыгымдары бардыгы биригип **65 523 сом** Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн атынан АБанктын эсептик счетуна салынсын.

3. Алынып жаткан техника сөзсүз түрдө камсыздандыруу уюмдарында лизингдин бүт мөөнөт ичинде камсыздандырылсын.

4. АБанк жана Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ортосунда түзүлүүчү лизинг келишимдеринин шарттарын жана лизинг боюнча төлөмдөрдү өз убагында жүргүзүү шарттарынын аткарылышын кепилдик берүү максатында Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтү Кепил берүүчү болуп дайындалсын.

5. Жогоруда көрсөтүлгөн пункттардын аткарылышы, техниканын сатуучусу жана АБанк менен түзүлө турган келишимдер, ошондой эле лизинг жана кепилдик келишимдерге кол коюу милдети Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Ш.Рахманберди уулуна милдеттендирилсин. Лизингди алуу боюнча тиешелүү финансылык иш кагаздарын даярдап тапшыруу жумуштары Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы А.Жолдошовага милдеттендирилсин

6. Ушул токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.

7. Токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

8. Ушул токтомдун аткарылышын өз көзөмөлүмө калтырам.

Төрага **А.Мойдунов**